**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *16.Пед.кеңеш жобо*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

"Бекитилди"

№1 Педогогикалык кеңешменин

чечими менен

"Макулдашылды"

30.08.2022-жыл

Мектеп директору: ________ Б.Абылкасимов

Өзгөн шаардык Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектебинин педагогикалык

Кеңешинин

**Жобосу**

1.**Жалпы жоболор**

1.1 Педагогикалык кеңеш билим берүүнүн негизги маселелерин кароочу билим берүү мекемесинин туруктуу аракеттенүүчү башкаруу органы. Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектеп директору эсептелет;

1.2. Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына, Билим берүү мекемеси жөнүндө типтүү жобог8о, мектептин уставына жана ушул жобого таянат;

1.3 Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жамааты үчүн сунуш берүүчү мүнөзгө ээ. Мектептин буйругу менен бекитилген педагогикалык кеңештин чечими аткарылууга милдеттүү болуп саналат;

**2.Педагогикалык кеңештин милдеттери жана иш мазмуну**

2.1 Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:

- Билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты мектептин деңгээлинде жүзөгө ашыруу;

- Педагогикалык жамаатты окуу-тарбия процессин жакшыртууга багыттоо;

- Педагогика илиминин жетишкендиктерин жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны мектеп ишмердүүлүгүнө киргизүү, окуучуларды кабыл алуу, көчүрүү жана бүтүрүү чечимдерин кабыл алуу;

2.2 Педагогикалык кеңештин функциялары:

- Оку пландарын, окуу тарбия, окуучулардын өнүгүүсү, коопсуздугу ж.б. маселелер боюнча мектеп менен байланышта иштеген уюмдардын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүн угуу;

- Окуучулардын жыйынтыктоо аттестациясына уруксат берүү, окуучулардын кийинки класска көчүрүү, же артыкчылык берүү, окуудагы ийгиликтери үчүн окуучуларды ардак грамота, мактоо баракчалары менен сыйлоо чечимин кабыл алуу;

-КР сынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, жалпы Билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобого жана мектептин уставына каралган тартипте окуучуну окуудан чыгаруу боюнча чечимдерин кабыл алуу;

-Мектептин Уставын, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду ж.б. мектептик ички чечимдерди кабыл алуу;

- Педагогикалык кызматкерлерди КР сынын мамлекеттик ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө мектеп директорунун сунушун кабыл алуу, бекитүү;

- КР сынын мыйзам жана укуктук ченемдик актыларына келбеген башка иштерди жасай алат.

**3. Педагогикалык кеңештин укуктары жана жоопкерчиликтери**

3.1 Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- Сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды Педагогикалык кеңеште кароо максатында убактылуу чыгармачыл топторду түзүүгө;

-Өзүнүн компетенциясындагы талаш маселелерди чечүүгө;

-Зарыл болгон учурда Педагогикалык кеңештин төрагасынын демилгеси менен чогулушка ата-энелер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү ж.б. тиешелүү адамдарды катыштырууга.

3.2 Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө жооптуу:

- Мектептин иш планын аткарылышына;

-Кабыл алынган чечимдердин КР сынын мыйзамдарына туура келишине;

- Эксперттик бүтүмдөгү окуу программаларын бекитүүгө;

- Ар бир каралган маселелер боюнча жооптуулардын жана аткаруу мөөнөтү көргөзүлгөн чечимдерди кабыл алууга;

**4. Педагогикалык кеңешти уюштуруу**

4.1 Педагогикалык кеңеш өз мүчөлөрүнөн коомдук башталыштагы кеңештин катчысын шайлайт;

4.2 Педагогикалык кеңеш мектептин иш планын негизинде түзүлгөн план менен иштейт;

4.3 Педагогикалык кеңештин чогулушу мектептин планына ылайык кварталына кеминде бир жолу чакырылат;

4.4 Педагогикалык кеңештин чечими катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса, төраганын добушу чечүүчү мүнөзгө ээ;

4.5 Педагогикалык кеңештин чечими менен мектеп директору макул болбогон учурда, ал үч күндүн ичинде жоопторду карап чыгуу жана талаш маселе боюнча акыркы чечимди кабыл алуу үчүн шаардык билим берүү бөлүмүнө билдирет;

4.6 Педагогикалык кеңештин чечимин аткарууну мектеп директору жана чечимде көргөзүлгөн жооптуу адам уюштурат. Аткарылган иштин жыйынтыгы кийинки чогулуштарда билдирилет.

## 5. Педагогикалык кеңештин документтери

5.1 Педагогикалык кеңештин чогулуштары протолдоштурулат.  Анда маселенин талкуулоонун жүрүшү, сунуштар жана эскертүүлөр, кабыл алынган чечимдер белгиленет. Протоколго төраганын жана катчынын колу коюлат;

5.2 Окуучуларды көчүрүү жана бүтүрүү протоколдору окуучулардын тизмеси менен тегизделип, мектептин буйругу менен бекитилет;

5.3 Протоколдун номери жаңы окуу жылынан башталат;

5.4 Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби иш кагаздар номенклатурасына кирип, мектепте дайыма сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилет;

5.5 Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби ар бет боюнча номерленип, мектеп директорунун колу жана печаты менен бекитилет;

"Бекитемин"
________
Директор: Б.Абылкасимов
"01" 09 2022-ж

Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата директор алдындагы кеңешменин

ИШ ПЛАНЫ

| № | Кеңешменин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу | Ресурстар | Күтүлүүчү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-4 –класстардын окуучуларына ысык тамак берүүлүсүн уюштуруу | Сентябрь | Комиссия | Тамактануу, калькуляция тамактануу графиги | Калькуляция түзүлөт. Окуучулардын саны такталат. Тамактануу графигин түзүлөт. |
| 2 | Мектеп олимпиадасын өткөрүү | Октябрь | Мектеп жетекчилиги | Олимпиаданын жобосу | Билим сапаты аныкталат |
| 3 | Окуучулардын күндөлүк, жазуу дептерлери, тесттик дил баяндарынын текшерилиши жана абалы | Ноябрь | Н.Ибрагимова Т.Мадаримова | Күндөлүк жазуу дептерлери, тексттик иш, жат жазуу, текшерүүиш, лабораториялык иштер, дил баян | Күндөлү жазуу иштеринин абалы текшерилет. |
| 4 | 2-чейрек боюнча кыргыз тили, орус тили, чет тили сабактары боюнча административдик текшерүү | Декабрь | Мектеп жетекчилиги | Предметтердин түрдүү усулдук ыкмалары | Сабактардын берилиш ыкмаларынын жыйынтыгы чыгарылат. |
| 5 | Класстык журналдардын, окуучулардын | Январь | Н.Ибрагимова Т.Мадаримова А.Газиева | Класстык журнал, өздүк делолр | Журнал, өздүк делолордун толтурулушунун абалы аныкталат |
| 6 | Математика, физика, химия сабактарынын өтүлүшү | Февраль | Мектеп жетекчилиги, комиссия | Предметтерди түрдүү усулдук ыкмалары | Сабактардын берилишинин жыйынтыгы чыгарылат |
| 7 | Башталгыч класстарда окуу техникасын көзөмөлдөө | Март | Н.Ибрагимова | Башталгыч класстардын сабактары | Билим сапатынын жыйынтыгы чыгарылат |
| 8 | Адеп, дене-тарбия, музыка, сүрөт, технология сабактарынын өтүлүшү | Апрель | Н.Ибрагимова | Сабактардын берилиши, инновациялык методдун негизинде | Сабактардын түрдүү берилиш ыкмалары, усулдардын жыйынтыгы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Даярдоо класстарында окуу-тарбиялык иштердин абалы | Окуу жылы ичинде | Мадаримова Т | 480 саатык программанын аткарылышы | Программанын аткарылышынын жыйынтыгы чыгарылат |